**Эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын көз карандысыз аккредитацияга даярдыктарды жүргүзүү боюнча иштеринин жарым жылдык отчёту**

Кафедра түзүлгөндөн азыркы күнгө чейин (2017-2019) СГД кафедрасында көз карандысыз аккредитацияга үзгүлтүксүз даярдыктар көрүлүп келе жатат.

1. Ушул окуу жылынын (2018-2019) сентябрь айында аккредитацияга даярдыктарды жүргүзүү үчүн жумушчу топ түзүлдү жана бекитилди. Жумушчу топтун курамына төмөнкулор дайындалды: Маматова А., Дыйканбайева Р., Арзыматова Ж., Мухтарова Н., Салиева Д., Гаипова А. Н., Кенжебайова А., Иманкулова Т. Анын төрайымы болуп СГД кафедрасынын жетекчиси, ф. и. к. Исмаилова Р. А. дайындалды. Жумушчу топтун ар бир мүчөсүнө стандарттар бөлунуп берилди жана алар боюнча кандай талаптарды аткарааары белгиленди. Мунун негизинде жумушчу топтун иш планы талкууланып, түзүлдү жана бекитилди ***(№2, протокол, жумушчу топтун тизмеси жана аларга бөлүнгөн стандарттар, аккредитациянын иш планы)***.

**2.** Билим беруу жаатындагы закондор, документтер, жана негизгилери МББС “дарылоо иши” багыты боюнча, НББП окутуучулардын окуп үйронүүсү үчүн кафедрадагы нормативдүү документтер папкасына салынды ***(31/1-10, 31/1-3)***. Мындан сырткары окутуучулар өздөрүнүн профессионалдык денгээлин жогорулатуу максатында көз карандысыз аккредитациялык агенттиктер жана аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти уюштурган семинарларга катышышты **.**

| **№** | **Семинарды откон тарап** | **Семинардын темасы** | **Катышуучулар** | **Өткорулгөн мөөнөтү** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти | «Окутууга компетенттүүлүк мамиледе окуу-методикалык камсыздалышты иштеп чыгуу. Жогорку окуу жайларынын ишмердигинин натыйжалуулугун өлчөө инструменттеринин системасында өздук баалоонун уюштурулушу» (36 саат). | Гаипова А. Н. | 6. 02 – 12. 03. 2016 ж. |
| **2** | “Эл баасы» аккредитациялык агентствосу | «Өздук баалоону уюштуруу жана отчёт даярдоо». | Ысмаилова Р. А.<br>Дыйканбаева Р.<br>Арзыматова А.<br>Маматова А.<br>Мухтарова Н.<br>Гаипова А.<br>Салиева Д.<br>Акбар кызы Эркайым | 18-19 апрель, 2018 ж. |
| **3** | “Эл баасы» аккредитациялык агентствосу | «Билим сапатын камсыздоо системасы», 16 саат көлөмундө. | Исмаилова Р. А.<br>Арзыматова Ж.<br>Маматова А.<br>Назиров А.<br>Сайназаров А. | 30. 08. 2018 ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Жусубалиева М.<br>Жолдошева А.<br>Мухтарова Н.<br>Кенжебайова А.<br>Гаипова А.<br>Акбар кызы Эркайым<br>Иманкулова Т.<br>Жеенбаева К.<br>Таирбек у Эрлан | |
| **4** | Билим жаатында саппаттын кепилдигин камсыздоо агентствосу «Ednet» | «ЖОЖдо өздук баалоону уюштуруу жана өздук баалоо боюнча отчёт жазуу». | Гаипова А. Н. | 2. 11. 2018 ж. |
| **5** | Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти | | Жеенбаева К. | |

***(Сертификаттар, окутуучулардын портфолиосу 31/1-35, https://www.oshsu.kg/univer/?lg=1&id_parent=5668).***

3. МББСтин талаптарына ылайык кафедранын паспорту кайрадан түзүлүп, сайтка жайгаштырылды. Кафедранын перспективдуу планы, учурдагы иш планы, кафедранын жыйынынын иш планы, окуу-методикалык, илимий, тарбиялык жана аккредитацияга даярдыктарды жүргүзүү боюнча иш пландары түзүлүп бекитилди жана алар сайтка жайгаштырылды. Иш пландар боюнча жумуштар аткарылууда, бирок көрсөтулгөн мөөнөттө аткарылбай калган жумуштар да кездешет. Аткарылбай калган жумуштар эсеп-кысаптардын SWOT анализдеринде көрсөтүлгөн.
(***https://www.oshsu.kg/univer/?lg=1&id_parent=4775)***.
Ай сайын болчу кафедранын отурумундагы маселелерди протоколдор толугу менен чагылдырат. Аткарылган иштердин эсеп-кысабы өз убагында толтурулуп айкындуу, так маалыматтарды камтыйт ***(Аткарылган иштердин эсеп-кысабы)***. Окутуучулардын жеке-иш пландарында пландалган иш аракеттери аткарылып жатат, бирок көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн бир аз кечиктирүүлөр бар. ***(Окутуучулардын жеке иш пландары)***.

4. Кафедранын отурумунда компетенциялар тизмеги талкууланып, дисциплиналардын компетенциялар матрицасы түзүлдү жана анын негизинде билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүү максаттарына, МББСке жана кызыкдар тараптардын (студенттердин) керектөөлөрүнө ылайык дисциплиналардын окуу-методикалык камсыздалыштары (жумушчу программа, силлабус, ж. б.) түзүлдү жана бекитилди. Дисциплиналардын окуу-методикалык камсыздалыштары кызыкдар тараптарга (студенттерге) жеткиликтүү болуусу үчүн АВН окуу порталына киргизилди жана силлабустар электрондук же китепче түрүндө студенттерге берилди.
(***Окуу-методикалык камсыздалыш (жумушчу программлар, силлабустар, ж. б.))***.

***5.*** Дисциплиналар боюнча окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор, электрондук окуулуктар мүмкүн болушунча сайтка киргизилди. Бирок дисциплиналар боюнча окуулуктардын жетишсиздигинен чет элдик авторлордун электрондук окулуктарын

киргизүүгө туура келип жатат. Негизинен окутуучулар студенттерге ар бир дисциплина үчүн окуу-методикалык камсыздалышты сунушташат, бирок аларды пайдалануу боюнча методикалык кенештер жокко эсе. Жогорудагы маселелердин үстүнөн окутуучулар иш алып барышууда.

6. Ар бир дисциплина боюнча балоо каражаттарынын фонду түзүлүп, инсанга багытталган окутууга жана студенттердин жетишүүсүн баалоого ар кандай денгээлдеги тапшырмалар даярдалды. БКФны түзүү боюнча жана компетентүүлүккө багытталган тапшырмаларды иштеп чыгууну ПО курамынын толук үйрөнүүсү үчүн кафедрада ар кандай иш-аракеттер пландаштырылган. ***(Окуу-методикалык камсыздалыш).***

7. СӨАИге ар бир дисциплина боюнча программалар түзүлгөн жана жумушчу программа, силлабустарга киргизилген. Аларда көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткаруу боюнча кенештер программада камтылган, адабияттар көрсөтүлүп, мөөнөттөрү белгиленген. СӨАИни уюштуруу боюнча кафедрада күзөт журналы бекитилген. Анда окутуучулар график боюнча кафедрада кезметчиликке турган кезде СӨАИни кабыл алууну жүргүзүшөт. Кафедрада СӨАИни уюштурууну жакшыртуу иштери да жолго коюлган. Бул боюнча октябрь айында орус тили дисциплинасынын окутуучусу Арзыматова Ж. “СӨАИни уюштуруу жана ага методикалык кенештер” деген темада семинар өтүп берди. ***(Жумушчу программалар, силлабустар, СӨАИлер, кафедранын күзөт журналы, СӨАИни уюштуруу боюнча семинардын иштелмеси).***

*8.* Инсандын кесиптик өнүгүүсүнө, тажрыйбага ээ болуусуна, окуу процессинде алынган ББКлардын активдештирилишине жана интеграциясына багытталган окутуунун технологияларын жана меттодорун кодонуу үчүн да бир топ иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Окуу-методикалык кенештин иш планында каралгандай бир топ окутуучулар сабакты уюштуруунун формалары боюнча, меттодор, окутуунун технологиялары боюнча семинарларды, мастер-класстарды, ачык сабактарды өтүп беришти.
***(Семинарлардын иштелмелери, ачык сабактын конспектилери ж. б., 31/1-28-29).***

9. Аралык, жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн натыйжасында студенттердин ББКларынын денгээли аныкталды жана бул боюнча көрсөткүчтөр ар бир окутуучунун эсеб-кысабында белгиленди. Алардын денгээлине мониторинг жүргүзүлдү. Анын негизинде атайын каалоочулар үчүн акысыз тил курстары ачылып, өтулүп жатат.
***(Окутуучулардын жарым жылдык эсеб-кысабы, студенттердин жетишүүсүнө мониторинг, тил курстарынын графиги жана программалары).***

10. Кафедрада НББПнын рамкасында окутуудан күтүлүүчүн атыйжаларга жетишүү үчүн, окуу процессин жакшыртуу үчүн ар кандай иш-аракеттер жолго коюлган. Бул иш-аракеттердин негизги максаты ПО курамынын чыгармачылык, өздүк жана профессионалдык денггээлин өнүктүрүү болуп эсептелинет. Курстар, семинарлар тиешелүү структуралар тарабынан маалымдалынып турат жана негизинен ПО курамынын көпчүлүгү билимин өркундөтүүчү курстарды ийгиликтүү аяктоого жетишишти.
***(Семинарларга катышкандыгы тууралуу сертификаттар, 31/1-35).***
Кафедрада “Устат жана шакирт” программасы да жакшы жолго коюлган. Бул программа боюнча устаттарга шакирттер бекитилип, анкетирлөөнүн негизинде иш пландар түзүлүп, иштер алынып барылууда.
***(“Устат жана шакирт” программасы боюнча иш пландар, сабакка катышуу баракчалары, ж. б., 31/1-29).***

11. Илимий-изилдөө иштеринин абалы негизинен жакшы жолго коюлган. Илимий-изилдөөлүрдүн натыйжалары окуу процессинде колдонулат.

***(Илимий иштердин планы жана эсеп-кысабы, кафедрада жарык көргөн окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор, статьялар ж. б., олимпиадалар, кружоктор, конференциялар).***

12. Кафедрада тарбиялык иштердин, кураторлук иштердин абалы жолго коюлган. Алардын денгээлине окутуучулардын берген эсеп-кысабынын негизинде SWOT-анализ жүргүзүлдү. Окутуучулар студенттерге окуудан сырткары мезгилдереде. мүмкүн болушунча, шарттарды жаратууга аракет жасашат. Кыргызстанды таанытуу, анын сиволикалары менен тааныштыруу, ОшМУну жана анын миссиясын таанытуу кураторлук сааттар аркылуу ишке ашат.
***(Тарбиялык иштердин планы, эсеп-кысабы, кураторлук саатардын протоколдору).***

13. Оздүк баалоо боюнча жумушчу топтун иш-аракеттери менен материалдар чогултулуп, анын негизинде кафедранын ишмердүүлүгүнө справка жазылды.
***(Кафедранын өздүк баалоо боюнча отчёту).***